Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети жана Кыргыз Республикасынын улуттук илимдер академиясынын Б.Джамгерчинов атындагы Тарых, этнология жана археология институтунун алдындагы тарых илимдеринин доктору (кандидаты) окмуштуулук даражасын изденип алуу боюнча уюштурулган Д 07.23.671 диссертациялык кеңештин эксперти тарых илимдеринин доктору, профессор Акылбек Джуманалиевдин изденүүчү Абдиев Жээнбек Сейталиевичдин **"Кыргыз Республикасынын жогорку билим берүү системасынын экономикалык тарыхы (1991-2010-жж.)"** деген темадагы 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясына **КОРУТУНДУСУ**

1. **Диссертациялык кеңешке диссертацияларды коргоого кабыл алуу укугу берилген адистикке иштин дал келиши**.

Сунуш кылынган кандидаттык диссертация диссертациялык кеңештин 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы адистигинин профилине туура келет.

Диссертациялык иште 07.00.02 – Ата Мекен тарыхынын адистигинин паспортуна толук жооп берүүчү Кыргызстандын эгемендик мезгилинин 1991-2010-жылдар аралыгындагы жогорку кесиптик билим берүүчү окуу жайларынын экономикалык тарыхы изилдөөгө алынган.

2. **Диссертациялык иштин максаты** 1991-2010-жылдардагы Кыргызстандын рыноктук шартка өтүшүнө байланыштуу анын жогорку окуу жайларынын экономикалык тарыхын изилдөө болуп эсептелет. Алдыга коюлган изилдөөнүн максатына жетүү үчүн темада камтылган баардык маселелерди терең жана кеңири ачып берүүгө байланышкан төмөнкүдөй **милдеттер** коюлган:

- диссертациялык иштин илимий жактан негиздүү жана ынанымдуу болушу үчүн маселени изилдөөнүн теориялык концепцияларын оптималдуу аныктоо, аларды чыгармачылык менен колдонуу;
- изилдөөчүлүк аракеттердин талаптагыдай жүрүшүнө жана изилдөөнүн жыйынтыктарынын негиздүүлүгүнө тема боюнча мурда жарык көргөн илимий эмгектерди тыкыр изилдөө, аларга объективдүү баа берүү менен пайдалануу шарт;
- илимий иштин максатына жетүүдө изилдөөнүн объектиси менен предметин туура жана так аныктап алып, алардын айланасында предметтүү изилдөөлөрдү жүргүзүү маанилүү шарт;
- диссертацияны ийгиликтүү аткарууда жана анын натыйжаларын илимий негиздүүлүк менен сунуштоодо изилдөөнүн методологиясын туура тандап алуу, аларды оптималдуу колдоно билүү талап кылынат. Ал эми

изилдөөнүн булактык базасынын кенендиги жана маанилүүлүгү аларды пайдалана билүү жөндөмдүүлүк иштин илимий сапатын камсыздайт;

- постсоветтик Кыргызстандын жогорку билим берүү системасын каржылоону чукул реформалоо тарыхын кароодо эң оболу бул иштин нормативдик-юридикалык жана саясий-директивалык негиздерин изилдеп, иргеп, анализдеп туруп колдонуу зарыл;
- эмгектин негизги бөлүгү менен изилдөөнүн маанилүү багыты катары бул жылдары Кыргызстандын жогорку билим берүү системасына киргизилген мамлекеттик-жеке менчик жана мамлекеттик-чет өлкөлүк (мамлекет) каржылоо тарыхын изилдөө шарт;
- Кыргызстандын жогорку билим берүү системасында жеке менчиктик жана чет өлкөлүк жеке менчиктик каржылоодогу жогорку окуу жайлардын пайда болушу өзгөчө маанидеги тарыхый феномендерден болгондуктан булардын экономикалык тарыхы өзгөчө изилдөөгө татыйт;
- Тарыхый фактыларга таянуу менен илимий-теориялык негизде жыйынтыкталган диссертациянын корутундусу жасалыш керек.

Диссертациянын милдеттерин аткарууда изденүүчү тарабынан диссертациянын аткарылышына коюлган талаптарга ылайык изилдөөнүн методдору туура тандалып алынган. Ишти аткарууда тарых илиминде кеңири колдонулуучу тарыхнаамелик анализ, синтез, тарыхый генетикалык, тарыхый-системалык, тарыхый реконструкциялык, хронологиялык сыяктуу методдор жетекчиликке алынып, объективдүү, тарыхыйлуулук принциптери сакталган.

Диссертациялык изилдөөнүн обьектиси катары Кыргызстандын эгемен доорундагы жогорку окуу жайларынын экономикалык тарыхы аныкталган.

Диссертациялык изилдөөнүн предмети катары Кыргыз Республикасынын эгемен доорундагы жогорку окуу жайларынын экономикалык ишмердүүлүгү белгиленген.

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Диссертант тарабынан изиденүү проблемасынын актуалдуулгу төмөндөгүдөй белгилген: Учур тарыхы тастыктагандай XXI кылымдын негизги өндүрүш күчү катары адамдын ой-жүгүртүү жөндөмдүүлүгү менен акыл эмгеги болууда. Ушундан улам, дүйнө өлкөлөрүнүн алдындагы эң башкы маселелер катары сапаттуу билим берүү жана анын негизинде жарала турган акыл эмгегин өркүндөтүү белгиленүүдө. Ошондуктан бул маселени ар тараптуу илимий изилдөө менен анын турмушта кеңири колдонулуучу жактарын тактап алып пайдалануу, ал эми терс жактарын четке кагуу дүйнөлүк деңгээлдеги өтө актуалдуу маселе ирэтинде коюлууда.

Ал эми өнүгүү ресурстары чектелүү болгон Кыргызстан үчүн жогорку билимдүү адистерди бүгүнкү замандын ылайыгында даярдоо маселеси актуалдуу экендиги талашсыз. Мындай тарыхый шартты эске алуу менен Кыргыз Республикасынын президенти “Дүйнө жүзүндөгү өнүккөн өлкөлөр бардык иш-аракеттеринде билимге таянуу менен алдыга илгерилеп барат. Мына ошондой кезекте өлкөбүздө билим берүү тармагына өзгөчө басым жасоо зарылдыгын баса белгилеп айтып келем. Мамлекетибиздин негизги ресурсу – интеллектуалдык көрөңгөсү бай, идеялары оргуштаган демилгелүү жаштар. Өлкө жетекчилиги мамлекетти өнүктүрүүгө салым кошом деген жигердүү, демилгелүү, аракетчил, мекенчил жаштардын акыл ресурстарына инвестиция кылуу ийгилигибиздин ачкычы экенин жакшы билебиз” – деп баса белгилеген. Изилденип жаткан маселенин постсоветтик Кыргызстандын тарыхындагы абдан актуалдуу тема экендигин баса көрсөтүп келген дагы бир жагдай – билим берүүнүн, өзгөчө кесиптик жогорку билим берүүнүн өтө маанилүү экенине карабастан каралып жаткан жылдарда ал маселе ар-тараптуу изилдөөгө алынбай келгендиктен анын илимий негиздеги оптималдуу өнүгүү багыттарын сунуштоо зарылчылыгына байланыштуу экендигинде.

Чындыгында, диссертацияда каралып жаткан мезгил аралыгында Кыргызстандын билим берүү системасы өлкөнүн башка сфераларынан айырмаланып өтө көп жолу реформаланган. Бул жылдары бир нече министрлер алмашып, болжол менен ар кандай өңүттөгү, маанидеги, деңгээлдеги жана мүнөздөгү көптөгөн реформалар жасалган. Натыйжада, билим берүү тармагы кээбир жаңылыктарга жана жетишкендиктерге ээ болгон. Айрым көрсөткүчтөр боюнча чөлкөмдүк жана дүйнөлүк деңгээлдеги жетишкендиктер да болгон. Бирок Кыргызстандын билим берүүсү, анын ичинде кесиптик жогорку билим берүү тармагында олуттуу жетишпестиктер кездешет. Натыйжада, бул сфера XX кылымдын 90-жылдарында кандай абал, мүнөз жана багытта иштеп келсе XXI кылымдын башында деле олуттуу өзгөрүүлөрсүз эскиче кала берген. Муну менен жогорку окуу жайларды өнүктүрө турган негизги базасы, бүгүнкү замандын талабына ылайыкташтырууга, өнүгүүгө муктаж. Азыркы учурда өлкөнүн баардык тармактары олуттуу реформалык кыймылга келип, коом өзгөрүп жатканда биз изилдөөгө алган маселе дагы андан артта калбаш керек. Ошондуктан, бул маселе Кыргызстандын коомдук илимдеринин, ошонун ичинде тарых илиминин алдындагы учурдагы актуалдуу маселелерден экени талашсыз.

**3. Илимий натыйжалар**

Изденүүчү тарабынан тарых илиминин өнүгүшү үчүн белгилүү бир мааниге ээ болгон төмөндөгүдөй илимий жыйынтыктар келтирилген:

*1-жыйнтык.* Мурда жарыяланган эмгектердин негизинде, архивдик маалыматтарга таянуу менен эгемен Кыргызстандын жогорку билим берүүсүнүн экономикалык тарыхы изилдөөгө алынды жана бул маселеге байланыштуу архивдик документтер алгачкылардан болуп илимий айлампага киргизилди.

*2-жыйынтык.* Диссертациялык изилдөөнүн жүрүшүндө Кыргызстандын көз карандысыздыгын алгандан кийинки мезгилдеги жогорку окуу жайларды финансылоодогу өзгөрүүлөр, окуу жайлардын экономикалык ишмердүүлүгүнө түздөн-түз тийешеси бар мамлекеттик-укуктук актылар менен ЖОЖдордун экономикалык ишмердүүлүктөрү боюнча топтолгон тарыхый булактык база тарыхыйлуулуктун негизинде илимий анализге алынды.

*3-жыйынтык.* Кыргызстандын көз карандысыз мамлекет болгондон кийинки жогорку кесиптик билим берүү системасындагы өзгөрүүлөргө алып келген трансформациялануу мезгилиндеги мамлекеттик эмес жогорку билим берүүчү окуу жайлардын калыптануусунун тарыхый өбөлгөлөрүнө жана алардын рыноктук мамилелердин негизиндеги ишмердүүлүктөрүнө анализ кылынды.

*4-жыйынтык.* Кыргызстандын көз карандысыздыкты алгандан кийинки мезгилдин 1991-2010-жылдар аралыгындагы жогорку окуу жайлардын дүйнөлүк билим берүү системасына интеграциялануусундагы экономикалык кызматташуусунун ЖОЖдордун экономикалык абалына тийгизген таасирине илимий баа берилди.

**4. Алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү.**

Диссертациялык изилдөөнүн процессинде топтолгон тарыхый булактык базанын негизиндеги илимий изилдөөнүн жыйынтыгы Кыргыз Республикасынын билим берүү системасындагы рыноктук мамилелер, экономикалык реформалар, экономикалык-финансылык ишмердүүлүктөрү боюнча анализдерди жүргүзүүдө, өлкөнүн билим берүү багыты боюнча стратегиялык пландарды, концепцияларды иштеп чыгууда көмөк бермекчи.

Изилдөөнүн негизинде чыгарылган илимий тыянактар билим берүү системасы боюнча жалпылоочу эмгектерде, изилдөөлөрдө, Кыргызстандын эгемендик доорундагы жогорку кесиптик билим берүү боюнча проблемаларын изилдөө иштеринде кеңири колдонууга сунуш кылынат.

**5. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна дал келиши**

Автореферат толугу менен диссертациянын мазмунуна, анда коюлган изилдөөнүн максаттарына жана милдеттерине дал келет. Кыргыз Республикасынын «Окумуштуулук даражаларды берүү тартиби жөнүндө Жобонун» окумуштуулук даражаны изденүүгө коюлган диссертациянын

критерийлери менен талаптарынын 11 пункутта көрсөтүлгөн «билимдин тийиштүү тармагы үчүн олуттуу мааниси бар маселелердин чечилиши» квалификациялык белгисине тура келет.

**6. Эскертүүлөр:**

1. Иште грамматикалык, техникалык мүчүлүштүктөргө жол берилген, бул каталарды иштеп чыгуу зарыл.

**7. Сунуштар:**

1. Диссертантка теманын актуалдуулугун тереңдетүү менен изилдөөгө алынган проблеманын хронологиялык чегине аныктоо берилүү сунуш кылынат.

2. 3-баптын бөлүмдөрү боюнча жыйынтыктарды тереңдетүү менен, аталган бапты изилдөө проблемасына карата 2 бапка бөлүп кароо сунуш кылынат.

**8. Сунуштамалар:**

**Жетектөөчү уюм катары:** Кыргыз – Түрк Манас университетинин тарых бөлүмү сунуш кылынат.

**Официалдуу оппонент катары төмөндөгү талапкерлер бекитилсин:**

1. Кувейт Эл аралык университетинин профессору, тарых илимдеринин доктору, профессор Ормушев Асан Сулайманович.
2. Ж. Баласагын ат. КМУнун профессору, тарых илимдеринин кандидаты Бедельбаев Аскарбек.

**9. Корутунду:**

Абдиев Жээнбек Сейталиевичдин **“Кыргыз Республикасынын жогорку билим берүү системасынын экономикалык тарыхы (1991-2010-жж.)”** деген темадагы 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окмуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясына КР УАКтын кандидаттык диссертацияларга коюулган талаптарына жооп берет. Диссертациялык иш илимий-теориялык талаптарга ылайык, тарыхый булактардын негизинде жүргүзүлгөн өз алдынча жүргүзүлгөн илимий изилдөө болуп саналат.

**10.** Диссертациялык кеңештин эксперти катары сунуш кылынган документтерди карап чыгып, Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети жана Кыргыз Республикасынын улуттук илимдер академиясынын Б. Джамгерчинов атындагы Тарых, этнология жана археология институтунун алдындагы тарых илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу боюнча уюштурулган Д 07.23.671 диссертациялык кеңешине Абдиев Жээнбек Сейталиевичдин **“Кыргыз Республикасынын жогорку билим берүү системасынын экономикалык тарыхы (1991-2010-жж.)”**деген темадагы 07.00.02 – Ата

Мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертацияны коргоого кабыл алууга сунуш кылам.

**Эксперт**
Тарых илимдеринин доктору,
профессор Джуманалиев А.
19.02.2025-ж.

**Эксперттин колун тастыктаймын:**
Д. 07.23.671 диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы, тарых илимдеринин доктору Карыева А. К.